
С (Кырг)
А13

АБЫЛГАЗЫМ АБАКИРОВ

# АЙЫЛ ТАҢЫ



**ВОЗВРАТИТЕ КНИГУ НЕ ПОЗЖЕ**

**обозначенного здесь срока**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

К13

С(Кирг) А/3

АБЫЛГАЗЫМ АБАКИРОВ

# Айыл таңы

ЫРЛАР

К5 К5 3656

K12

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1984-ЖЫЛ.

373784

РЕСПУБЛИКАНСКАЯ
ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА

84 Ки7
А 13

Рецензиялаган **Ильгиз Гилязетдинов**

А $\frac{4702280200-41}{М\ 451(17)-84}$ 174—84

© «Кыргызстан» басмасы 1984-ж.

## КОМПАРТИЯМ

Жалпыга Компартиям берди таалай,
Сөздөрүн алтын болгон айтып таамай.
Көргүнүң окууда да, иште дагы,
Көмөгүн көрсөтүүдө ак жол каалай.

Бул ушул гүл заманам гүлдөй болуп,
Жагылып калды бизге күндөй болуп.
Кыбыла төрт тарабым ушул бүгүн,
Эски жок жатып алган түндөй болуп.

Бул ушул Лениндин улуу иши,
Бул ушул Лениндин улуу изи.
Түбөлүк чаап кеткен жолуна анын,
Адамдын бек кубанып ысыйт ичи.

Бакытым — Компартиям — эл камында,
Бакытым — Компартиям — жер камында.
Мынакей, гүл талаалуу кең түзөңдө,
Кыргызым ойноп келет ат жалында.

## БАШ МАКАЛА

Кут болуп Лениндин ар бир сөзү,
Мөлтүрөп кристаллдай уюп турган.

Күн болуп чачыраган күлүп көзү,
Тамырдын ар кагышын туюп турган

Бул ушул жаркыраган баш макала,
Жүрөгү газетанын согуп турчу.
Ушуну окуйт ата, окуйт апа,
Ар дайым көздөрүнүн түшүп курчу.

Анткени, негизги ойду мындан алат,
Коммунист, партияда жоктор дагы.
Баарына ой жүгүртөт кылдат карап,
Мугалим, академик, доктор дагы.

Мен дагы олтурамын ойго чөгүп,
Анын курч туюп турмуш улуулугун.
Жибердим күр эттире бойго төгүп,
Сөзүнүн күндөй кайнак жылуулугун.

## СЕН БОЛБОСОҢ

Сен болбосоң менде сыймык болмокпу,
Сен болбосоң ой-көңүлүм толмокпу.
Сен болбосоң алтын жылдыз вымпелим,
Адашпастан Айга барып конмокпу.

Сен болбосоң көзүм кайдан ачылмак,
Сен болбосоң шоола кайдан чачылмак.
Сен болбосоң жарык күндү көрө албай,
Көөдөй түнгө көп таланттар басылмак.

Сен болбосоң билбей дүйнө кызыгын,
Туйбай элдин, туйбай жердин ысыгын.
Өмүр бою тартып жүрүп өтмөкпүс,
Илгерки бир шум замандын кысымын.

Сен болбосоң, Компартия акылман,
Туман каптап, адашмакпыс акылдан.
Өз колуңдан гана жарк деп ишке ашты,
Эл үмүтү миллион жылдап басылган.

## ЖЕҢИШ КҮНДӨ

Эх, ошол күн журттун баары кубанып,
Жатты көз жаш сүйүнгөндөн куланып.
Чоң энем да тура келди эрбеңдеп,
Жашоосу анын кайра баштан уланып.

## КӨТӨР БИЙИК

Бул дүйнөнүн таттуусунан таттыңбы,
Бул дүйнөнүн шаттыгына бөлөнүп.
Өмүрлөштүк ысык жарың таптыңбы,
Анын назик ийинине жөлөнүп.

Бул жашоонун ачсаң капка эшигин,
Сакта анда бейкуттугун бүт элдин.
Кызыл тартсын жылдыздардын арасы,
Көтөр бийик Кызыл Туусун ЛЕНИНДИН!

## ЖАШОО КУМАРЫ

Гүл да күлөт буркуратып атырын,
Күн да жайып бүт ааламга чатырын.
Кумурска да боюн кактап, күң нурга,
Мойтолоңдоп жылып барат акырын.

## КАРАП ТУРАМ

Кадамды алга карай шилтеп барам,
Чубалжыйт чоң айылдын түтүндөрү.

Төгүлүп барат улам көз алдыма,
Кыялдын мөлтүр бышкан жүзүмдөрү.

Жүрөгүм ээ-жаа бербей бууракандап,
Дайрадай миң толгонот окторула.
Ансайын жылынып мен карап турам,
Айылдын жылт-жулт эткен отторуна.

## БААТЫР ДЫЙКАН

Маңдайынан бакыт нуру төгүлгөн,
Дыйканды көр таң нуруна өбүлгөн.
Чыгып калды болду бекен деп ойлоп,
Данды карайт топуракка көмүлгөн.

Эгини анын өнүп-өсүп дүркүрөп,
Асман койну «жарк-журк» этет күркүрөп.
Туурук тарткан дыйкан абам колунан,
Жер эмчеги ийип берет диркиреп.

Эмгек десе ичкен ашын калтырат,
Кең мандайы күлүмсүрөп жаркырап.
Жумуштагы анын ширин ойлору,
Кыргоол болуп учуп чыгат барпырап.

Дыйкандын бул эмгек тери жаздагы,
Келатса ал күлүп ийет таш дагы.
Эл-жери үчүн улам терең үңүлүп,
Иштеп жатат деми менен баштагы.

## МАЙ АЙЫ

Тоомдун мээрим тийген күнүн өпкөн,
Не бир кооз дүр-дүнүйө гүлүн төккөн.

Жаркырап жашыл кийген жазым келди,
Алдымдан чуркап чыгып күлүп көктөм.

Эх, жазым, келгин куштуу жыпар жазым,
Ойготкон сайдын муздак өлүк ташын.
Карачы, кара көздүү эрке кыздар,
Жатышат сулууланта өрүп чачын.

Жазымдай жашыл тартып өмүрлөрүм,
Шумкардай атып чыгат көккө көөнүм.
Жаш балдар күлүндөшө тооруй басып,
А анан жыргап жешет өрүк көгүн.

Суктанам көөрүн төккөн май айыма,
Сүйүүнүн толкуп турган айы мына.
Сыркоолуу төшөгүнөн тура келди,
Сүйөнө күлүң карап таягына.

## ФРУНЗЕ ШААРЫМ

Фрунзем — гүлдүн шаары, жаштын шаары,
Чын эмей жаштык көлдүн толкундаары.
Жер ушул бакыт куту уялаган,
Сүйүүгө эшик ачып жолдун баары.

Баш ийип, кулдук уруп, таазим эткен,
Биз кийип кызыл көйнөк, жашыл чепкен.
Бул ушул шаарыбызды аралайбыз,
Күн сайын комуз кагып, комуз черткен,

Фрунзем — өмүр шаары, бакыт шаары,
Төгүлгөн ушул жакка жаздын баары,
Өмүрүм сабак байлап, жыт аңкытат,
Кең ойдун мейкинине тартып жааны.

## СУГАТЧЫ

Суулар агат чоң арыкта шаркырап,
Тийип күндүн аппак нуру жаркырап.
Сугатчы абам кошо чуркайт суу менен,
Гүл талаадан күлүмсүрөп сыр сурап.

Чак-чук эткен үнүн угуп кетмендин,
Жайды жайлай ысык терге кеткен ким.
А сугатчы суусун тездеп жетелейт,
Кайрып белге эки этегин чепкендин.

Аба ырайы бузулганга карабайт.
Кылкылдаган көп-эгинди аралайт.
Ал ансайын ширин эмгек койнунда,
Сугатчынын күлүк ою сабалайт.

Бул турмуштун артерия каны окшоп,
Бул турмуштун эң керектүү жаны окшоп
Күмүш менен буулап жүрөт талаасын,
Сугатчы абам элдин сүйгөн камы окшоп.

Суу жутат чыбырчыктап айдоо үстү,
Алгандай тегиз жаап күмүш түстү.
Далысын ого бетер күржүңдөтөт,
Аянбай сугатчы абам үрөп күчтү.

Эгиндер кылк-кылк этип жашыл тарткан,
Арылып калганындай илдет, дарттан.
Эмгекчи эл сүйүнүшөт күлүңдөшүп,
Чыгышып кургакчылык катаал шарттан.

Бул чыны эрдик эмей эмне дейсиң.
Аппак нан болсун бардык элде дейсиң.
Ансайын саябандуу гүл дооруңда,
Жемишин таттуу өмүрдүн терип жейсиң.

Чынында бул дыйкандын ырыскысы,
Назданчу ага карап кыргыз кызы.
Эгиндер ак так болуп келет бышып,
Жер шайы, жер дукаба, жер кырмызы.

## АЙЫЛ ТАҢЫ

Жолдоруң ушул жерден тарайт алыс,
Биринчи кадамыңдын чыйры мында.
Максатың келечегин карайт алыс,
Түзөлүп бул учурда мыйрыгың да.

Өз айлың — сулуу таң го чачыраган,
Ал анын эсебинде жүрөсүң сен.
Ал сенден чөлдү күтпөйт какыраган,
Сен болсоң кийип талаа күрмөсүн кең.

Ар дайым айылда кенч, айылда ырыс,
Байлыктын түгөнбөөчү тоосу ушунда.
Чайпалат чоң чыныда кызыл кымыз,
Кана ичкин сызып келип тоо кушунча.

Кеткин деп төшкө түртпөйт айлың сенин,
Кайра ал сагынычтуу тосуп алат.
Ага олжо табылганы дайның сенин,
Кааласаң көпчүлүккө кошуп алат.

Боосу анда сен катылган жүгөнүңдүн,
Көрөсүң үзүп кетсең бир балээни.
Чын ээси ушул жерде жүрөгүңдүн,
Сергите турган дайым келип мээни.

Айылдын сөөлөтүн көр кооз жаткан,
Таңыркап көп жанды көр ооз ачкан,

Турбайбы колхозчулар эмгек менен,
Ажайып ушул укмуш коозду ачкан.

Айылым, сөөлөтүңдөн мен айланам,
Капкара көзүң менен тең айланам.
Көрсөтүп заманамдын бейкуттугун,
Сени да, мени дагы жел аймаган.

Айылым, бир өзүңдөн кагыламын,
Адашсам өз койнуңдан табыламын.
Бетимди тосуп аппак ак таңына,
Сен үчүн күндөй болуп жагыламын.

## ӨМҮР СЫЙЫ

Гүл турмуштун таттуулары,
Таза канда чуркаган.
Ай, жылдызым жайнап күлүп,
Бакыт нуру курчаган.
Өз элимдин арнап берген
Өмүр сыйы бул маган.

Жаз күнүндөй жаштык кезим,
Чагат тынбай оттугун.
Жүз жайнатып сезип турам.
Жүрөк **кайгы жоктугун.**
Тоо суусундай ашып-ташат
Бала кыял шоктугум.

Сан кызыктын дайрасында,
Барам тынбай агылып.
Жарк дей түшөт алды жактан,
Бакыт өзү кабылып.
Эл өмүрү балбал жанат
Күндөй болуп жагылып.

## БИРИНЧИ МУГАЛИМИМ ШААКЕ АГАЙГА

Шааке агай, ал кезде биз биринчиде,
Сен болсоң толуп турган жигит кезиң.
Көз тиктик алтын баалуу Алиппеңе,
Күн сайын ар тамгаңа күлүп сезим.

Колтуктап бир кыз жана бир баланы,
Зыр этип муз үстүнөн учтуң канча.
А бизге ойлор туулуп утур жаңы,
Ойнодук чуу-чуу этип чөкө таанча.

Жок эле ал кезде бул Зейнеп кызың,
Жүрөктү ыры менен элжиреткен.
Сенин көп улуу күнгө койгон кышың,
Элиңе иштермансың эмгек эккен.

Шааке агай, биз ыраазы эмгегиңе,
Өмүр сүр эми эс алып дөөлөт менен.
Өлбөөчү иш иштедиң эл, жериңе,
Ушинтип жырга жашап сөөлөт менен.

## ПОЕЗД ЖАНА СОЛДАТ

«Така-так, така-так» деп күңдүр-түңдүр,
Термелип темир поезд закымдаган.
Учу жок беренелүү кош сызыкта,
Ичип-жеп дөңгөлөктөр такылдаган.

Андагы чиркелишкен вагон менен,
Тынымсыз жол кубалап солдат барат.
Кездешет таңга жакын сар Чолпонго
Мейкинден мейкиндерге толкуп карап.

«Така-так, така-так» деп дөңгөлөктөр,
Кадимки ыргагынан эч жанбаган.

Арт жакка жалп-жалп этет дөңдүү көктөр,
А поезд илип жөнөп буурул таңдан.

Чөмүлгөн баатыр солдат кыялдарга,
Айлуу түн, айылдагы кызын ойлоп.
Ад́атын дөңгөлөктөр баштайт кайра,
Жел менен ай талаада поезд ойноп.

## КОЛХОЗ ТАЛААСЫ

Жай чилде. Бул талаанын күнү өчпөгөн
Сайрандап ушул жактан ким өтпөгөн.
Тыйындай боз торгойдун доошун угуп,
Кызгалдак, кызыл гүлүн ким өппөгөн.

Гүл жыттуу талаа кенен — оюң кенен,
Күн сайын иш уланат оюн менен.
Баратат балбан дыйкан — талаа ээси,
Көтөрүп мекен жүгүн моюн менен.

Жүгөрү, арпа, сулу, буурчак, буудай,
Ак пахта кадим эле аппак куудай.
Үзүрлүү беш жылдыктын кылаасында,
Үмүттөр күр-шар этип агат суудай.

## ЖАШТЫГЫҢ

Жаштыгың жалындаган күндөн бүткөн,
Жаздагы жыт аңкыткан гүлдөн бүткөн.
Чоңойсо опол тоодой иш жасайт деп,
Элиндин тилеги бар сенден күткөн.

Жаштыгың жылаажындуу үндөн бүткөн,
Жапжарык ай-жылдыздуу түндөн бүткөн.

Эр жетсе бүтпөгөндү бүтүрөөр деп,
Ата-энең көп нерсени сенден күткөн.

Жаштыгың Манастагы сүрдөн бүткөн,
Жаштыгың арчадагы бүрдөн бүткөн.
Мынакей жал сапырып, суулук чайнап,
Алдыңа келип турат күндөр күткөн.

## ЖООКЕР

Канатын шуулдата жайган жоокер,
Душманын оңкосунан сайган жоокер.
Дүйнө элин дүңгүрөтө таң калтырып,
Берлинге жеңиш тууну сайган жоокер.

Жалтанбай окту, отту кечкен жоокер,
Айрылбас жаныбыз бир дешкен жоокер.
Болбосун кайсы жерде, кайсы окопто,
Бир үзүм нанды бөлүп жешкен жоокер.

Эл үчүн асыл жанын кыйган жоокер,
Жер үчүн кайрат-күчүн жыйган жоокер.
Түбөлүк тургус кылып өз жеринде,
Душмандын башын чөптөй кыйган жоокер.

Жеңиш деп ысык канын төктү жоокер,
Ошентип эрдик жолдо өттү жоокер.
Алардын өлбөй тирүү калгандары,
Балдарын бек кучактап өптү жоокер.

Тигине, түбөлүк от жатат күйүп!
Ал жакка улуу-кичүү карайт сүйүп.
Ал ошол тоо бүркүтү — жоокер менен,
Али эсте жүрөктөгү жарат, күйүт.

## КЫШ ТАҢЫНДА

Баары тең кыш эркинин бийлигинде,
Бурганак бийлеп күндө, бийлеп түндө.
Бир гана багынбаган адам заты,
Кол учу бир күн барып тиймек күнгө.

Токтобой ызгаарда да эмгек кайнап,
Дидаары эмгекчи элдин күлөт жайнап.
Бүтө элек тогуз катар үй үстүндө,
Ыр ырдайт булбул болуп жүрөк сайрап.

Чоктонуп күйүп алган беттин каны,
Ачылып жүрөк сыры кыздын жаңы.
Сулуулап бутактарды бубак менен,
Желбирейт темир аяз кыштын таңы.

## КӨЛ ЭЛЕСТЕРИ

### 1.

Канча айтып ойку-кайкы күлүк кепти,
Канча адам Ысык-Көлдөн күлүп кетти.
Көп кызык ошолордун элестерин,
А көлүм толкунуна бүгүп кетти.

Канча адам көл суусуна жатып кетти,
Канча адам сырын көлгө катып кетти.
Ушунда лирик акын алп Алыкул,
Көл даамын кана жутуп татып кетти.

### 2.

Жээкте кайык минип мен да олтурам,
Көл болсо үстөмөндөп толкуйт улам.
Ал ошол көрпөлөнгөн суу үстүндө,
Берилип өзүнчө эле толкуйт улан.

3.

Кайгысыз жаш наристе бала болуп,
Бетиме көлдүн мончок суусун чачтым.
Колунан көөр төгүлгөн зергер окшоп,
Көл суусу жатат бетин чегип таштын.
Ансайын кол берчүдөй ушул мага,
Өнтөлөп көл үстүнөн чуркайт ташкын.

4.

Бек суктанып тээ бир тереңге,
Мен олтурам көлдүн жээгинде.
Удургута жаштык кыялды,
Уюйт көп ой көңүл зээнимде.

Мен олтурам көлдүн боюнда,
Көп нерселер уюп оюмда.
Колдорумду кечээ кармаган,
Кыз манчасы жылуу коюнда.

Мен олтурам көлдүн четинде,
Нурлар ойноп толук бетимде,
Салааларга салаа өткөргөн,
Кыз колдору жылуу этимде.

5.

Термелем кучагында толкундардын,
Терметет ого бетер толкун дагын.
Толкундай токтоно албай менин да оюм,
Толкундай томолонуп тартат калың.

Көлдүн көп-кат-катына суктанамын,
Барсайган жаздыгына уктап анын.
Шашылып өз кызматын аткарууга,
Баратты кайыкты алга тартып агым.

6.

Толкуну келе жатат буура болуп,
Чуудасын эң башкача сапырылта.
Турмуштун капталына тийип келем,
Ошондой мен да оюмду атырылта.

7.

Бир кызык карап турсаң көл толкунун,
Мен дагы көл сыяктуу көп толкудум.
Эх чиркин, Ысык-Көл ай, Ысык-Көл ай,
Элеси канча турат бир жолкунун.

8.

Көл — Манас, Манасы — көл, аалам билген,
Алдына Аккуладай атты минген.
Тыңшачы, тыңшап көрчү көл кобурайт,
Бул ошол сүйлөп калган илгеркиден.
А балким, тарыхты айтып жаткан чыгар,
Чыгарып ар бир сөзүн асыл дилден.

9.

Тиктечи, Ысык-Көлдүн бермет ташын,
Өзүнүн сага арнап бермек жазын.
Кумуна таманыңдын изин түшүр,
Аласың анын узак сермеп жашын.
Кактал деп менин таптуу ысыгыма,
Ысык-Көл ирмеп жатат кирпик-кашын.

## БАКЫТ КҮНДӨ

Ойлорум топ чымчыктай дүр дей түшүп,
Чайпалган бак башына барып конот.

Жыпары кызыл гүлдүн бур дей түшүп,
Кыялды кытыгылап калат ороп.

Чиркин ай, мен бактылуу турбаймынбы,
Күн жутуп, күнгө карап сулууланган.
Эркимче кечип келем гүлдүү айдынды,
Улуу өлкөм эл-жери үчүн жылууланган.

## КЫЗЫЛЧАЧЫ

Ким билбейт кызылчанын түйшүк жолун,
Тизе уюп, ооруйт белиң, жооруйт колуң.
Күн жаабай, жер каткаксып туруп алса,
Баарынан мына ушунда кайнайт шоруң.

Тик тийген күн нуруна ысып башың.
Ар түбүн бирден терип суюлтасың.
Таңдан кеч ай далыңды күржүңдөтүп,
Чекеңден ысык терди куюлтасың.

Өлчөнөт алтын менен чеке териң.
Жазылат бакыт менен сенин чериң.
Эмесе, иш кайнаган тоо койнунда,
Эмгектин жаркыраган тагын чениң.

## СЫРДАШ АДАМ

Менин бар эч кыйышпас асыл досум,
Бир курган ынтымактын жашыл тоосун.
Тынбастан тура бергим келет анын,
Дайыма сүйлөп жаткан карап оозун.

Сүйлөшкөн досум менен сөздөн улам,
Дүйнөдө барлыгымды билип турам.

343484

2—1924

РЕСПУБЛИКАНСКАЯ
ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА

Келебиз бир каткырып, бирге ырдашып,
Ансайын оозун жыйбай күлүк кунан.

Үйүмө ушул досум келген сайын,
Токтобой кайнайт чайым, жайнайт майым.
Билдирип тирүүлүктүн учур, кезин,
Тилинип дарбыз, коонум жайнайт дайым.

Менин бар мына ушундай асыл досум,
Мен жакка сүйрөп келген акыл тоосун.
Күн сайын көрүүгө мен куштар болом,
Аппак тиш, боз тумагын, көк пальтосун.

## СҮЙГӨН ЖАРГА

О менин татынакай сүйүү гүлүм,
О менин жалбырттаган сүйүү күнүм.
Жайнаган бешененди көргөн сайын,
Жарк этип толкуп барат ысык сүйүүм.

О менин алтын көкүл асылкечим,
От болуп алоолонгон жаштык кезиң.
Аптыга ак сүйүүгө биз мас болуп,
Айылдын атыр чачкан бастык кечин.

Биз тиккен чынар болду талдарыбыз,
Тагынып көркөм гүлүн балдарыбыз.
Ал эми келчү күнкү алда жатат,
Мекенге белек кылып камдаарыбыз.

О менин татынакай сүйүү гүлүм,
Жайнаган бешенеңди көргөн сайын,
О менин жалбырттаган сүйүү күнүм.
Жарк этип толкуп барат ысык сүйүүм.

## ЖЕР САГЫНЫЧЫ

Ах чиркин, Ысык-Атам, Ысык-Атам,
Көркүңдү демөөр кылып кызып атам.
Учкандай аалам койнун чарк айланып,
Кышта да боргулданып ысып атам.

Чоңойдум ууртап сууңду, айраныңды,
Басып кең гүл бураган аймагыңды.
Суктантаар жигит болдум. А өзүңдү,
Өзүмдөн ошон үчүн айрамынбы?

Өргө аттайм, баш көтөрбөй эмгектенем,
Күчүмдү өлгөндө мен бермек белем.
Сүйүү үчүн, өмүр, таалай, бакыт үчүн,
Сүйөмүн сүйгөнүмдөй эмгекти энем.

Ах чиркин, Ысык-Атам, Ысык-Атам,
Көркүңдү демөөр кылып кызып атам.
Учкандай аалам койнун чарк айланып,
Кышта да боргулданып ысып атам.

## СҮРӨТҮҢӨ

Сүрөтүңдү карайм улам,
Сүйдүм ээ деп кадалып.
Ошол күндөр эске түшөт,
Ошол күндөр саналып.

Жоодурайсың карап неге,
Жоготкондой бир неме.
Кыйнай берчү ойго салып,
Кыял чиркин жел кеме.

Учаар жаркып күмүш күнгө,
Ушул күнүм жылт этип.
Ооба, өмүрдүн кечкиргенин,
Калаар бөлек бир сезип.

## МЕКЕН КАРЫЗЫ

Ишиме таң заардан мен учамын,
Жакага сызган өңдүү көгүчкөндөр
Билбеймин, бир нерсеге эң кусамын,
Шылдыңдап өтөт кээде көрүшкөндөр.

Өзүмдөн жаңылыкты күтөт бүлөм,
Келгенде кызматымдан кечки жуукта.
Каткырып кенжем менен бирге күлөм,
Кар үйүп, тызылдатып бетти суукка.

Жок, бир бар жүрөгүмдө өйүгөн иш,
Сөз менен аны эч айтып бералбаймын.
Күн сайын ошону ойлоп тызылдайт ич,
Элимди кур сөз менен неге алдаймын.

## КЫШ ТҮНҮНДӨ ТООДОГУ

Бир гана бузуп айлуу түн тынчтыгын,
Арсылдайт тоо койнунда дөбөт үрүп.
Бул ушул кыял төккөн көөдөнүмдөн,
Бир курдай кетти шар деп үйөр жүрүп.

Кар менен күмүштөлгөн кокту-колот,
Ал турмак көрө аласың чилдин да изин.
Ойлорум кыял коштоп учуп жатты,
Ак карга менин дагы окшоп тишим.

Ажайып айланамдан көзүмдү албай,
Тоолорго таазим эттим башымды ийип.

Солдаттай тикесинен туруп турду,
Аскалар боз борчуктан шинель кийип.

Тоо аппак, тоого окшоп оюм да аппак,
Шаңк этти кайра алиги дөбөт үнү.
А тигил үй ичинен үч кыл комуз,
Чууртуп үсту үстүнө төгөт күүнү.

## АЙЫЛ ОТТОРУ

Шакектей түрмөктөлүп түтүн булайт,
Кыялым ошол жакка бүтүн кулайт.
Тээтигил төш таянган айыл жыты,
Дайрадай күркүрөтүп күчүмдү улайт.

Жанында ошол оттун олтурабы,
Күлдүрүп чоң энемдин болжурагы.
Аңгыча бек чочута селт эттирди,
Асмандын алгач жазгы колдурагы.

## БУЛ СЕНИН...

Бул сенин жалындаган кезиң ушул,
Бул сенин чагылгандуу кезиң ушул.
Утурлап бара жаткан келечекке,
Сендеги асылданган сезим ушул.

Бул ушул күндөй жарк деп күлөөр кезиң,
Бул ушул гүлдөй болуп жайнар кезиң.
Кудум бир чекит болуп көктө уюган,
Бул ушул торгой болуп сайрар кезиң.

Бул сенин кооз, сулуу жаштык чагың,
Бул сенин толкуп турган «мастык» чагың.

Сөөлөттүү не бир сонун көп сырга бай,
Бул сенин жыпар жыттуу жазгы чагың.

Бул ушул жаңылыкты жаратчу кез,
Бул ушул элди өзүңө каратчу кез.
Мейли дос, мейли боордош — бардык жерге,
Бул ушул тынчтык жолун таратчу кез.

## АДАМ БАКТЫСЫ

Апачык айнек бети жаркыраган,
Созулган ар жагында талаа жалаң.
Чымчык kууп, шибер кечип, гүлдү терип,
Эрбеңдеңт ак кубакай ойноок балам.

Алыстан карап турам а мен болсом,
Бул ушул караганым болуп олжом.
Ташкындап дарыядай ого бетер,
Оюм күн, оюм жылдыз, оюм чолпон.

Туптунук ушунчалык айнек бети,
Эң сулуу табигаттын жайнап кечи.
Деңиздей толкундоомо караганда,
Экен го жүрөгүмдүн кайнак кези.

Апачык айнек бети жаркыраган,
Созулган ар жагында талаа жалаң.
Чымчык kууп, шибер кечип, гүл теришип,
Эрбеңдейт ак кубакай ойноок балам.

## БАКЫТ УЧУРУ

Алыстан алгач жолу учуп келип,
Багыма бутакты ийип чымчык конду.

Ар түркүн ал чыркылдап көп сайрады,
Бейкутта канат тарап, күбүп жонду.

Жогортон калдалактап сызып келип,
Көпөлөк конду акырын гүлдөрүмө.
Толкудум кубанычтан ысып бетим,
Ишенбей мен өзүмдүн күлгөнүмө.

Аттиң ай, бактылуу адам турбаймынбы,
Чарбагым жашыл тартып, гүлдөп турган.
Ийилтип сулуу жапжаш бутактарды,
Атайын чымчык келип, үндөп турган.

## ЖҮРГҮН ТООГО

Жүргүн тоого, зоо жаңыртып ырдайлы,
Гүл билегин чочутпастан кармайлы.
Тоо боорунун кекилигин учтуруп,
Гүл турмуштун күлпөтүнө жыргайлы.

Жүргүн тоого, топтошуп бир баралы,
Жүздөн өпсүн тоонун эрке шамалы.
Сууру аңкыштап, кызыл түлкү кылт этсин,
Черди аралап айры мүйүз маралы.

Жүрчү тоого, турат тоо жак тарткылап,
Жүрсөң тоодо тоо өмүргө карк кылат.
Ушунда бир чоң кумардан чыгасың,
Көзүң менен кызыктарын аткылап.

Жүрчү тоого, эргийт жүрөк кандарым,
Көрөлүк биз көгүчкөн, таан «тамдарын».
Чоорун угуп көңдөй түтүк куурайдын,
Тарталы төп сүрөткө анын аңдарын,

Жүрчү тоого, биз ойноп бир келели,
Кубандырып бүткүл бойду, денени.
Гүлдөн бүткөн килеминде ал анын,
Шарк ачылсын улуу ойдун кенени.

## СҮЙҮҮ

Сүйүү бул кызыл алма топулдаган,
Бул ушул жаштар эрди чопулдаган.
Чыга элек басмакана ичиндеги,
Бул ушул жаңы китеп окулбаган.

Бул ушул кереметтүү жылдыздуу түн,
Бул ушул алп тегерек кыпкызыл күн.
Мас кылган жаш демине жаш денени,
Бул ушул жыт аңкыткан кыпкызыл гүл.

Бул ушул планета өтө жарык,
Бул ушул сыры терең кары тарых.
Көзүнөн ысык жашты мөлт-мөлт төккөн,
Бул ушул лермонтовдук Ашык-Карып.

## ӨТҮНҮЧ

Бүркөө бар, жарк этүү бар кабагыңда,
Өзүңдөн көрүп турам караганда.
А бирок, жарк этүүңдү мага берчи,
Дайыма чуркап жүрсүн күлүк канда.

Жек көрүү, жактыруу бар кабагыңда,
Өзүңө ишенбесең карагын да.
Ошонун жактыруусун мага берчи,
Дайыма күлүп-жайнап жүрсүн жанда.

## МУГАЛИМ

Үйүндө түн оогончо чырак жаккан,
Кагазга көздөрүнүн нурун чачкан.
Түгөнбөс түйшүгү мол ал мугалим,
Мемиреп таттуу кыял, ойго баткан.

Алдында жайнайт күлүп көп келечек,
Өңчөй жаш жыбыраган ак байчечек.
Элине торгой болуп, булбул болуп,
Ушулар келечекте сайрайт безеп.

Балдар жаш, талдар да жаш алар тиккен,
Мугалим билим данын аларга эккен.
Бардыгы талпынышып эр жетсе дейт,
Анткени, сонун эмей алга кеткен.

Мугалим көчөттөрүн багат тынбай,
Билимди ар балага куюп кумдай,
Уйкуга кийрип коюп мүлдө ааламды
Олтурат ой буудайын тартып ундай.

## ТООМ МЕНИН

Тоом менин — каруселим ойноочу,
Тоом менин — мээм тынбай ойлоочу.
Анткени, мен саякатчы адаммын,
Улуу күндүн улуу жээгин бойлоочу.

Тоом менин — күнгө чыкчу тепкичим,
Тоом менин — өмүр суусун сепкичим.
Өлөрдө аны бек кучактап жан берем,
Өлгөндө да ысып жатсын көпкө ичим.

## ЖАЙКЫ ТҮЙШҮК

Чакыят так төбөдөн жайкы аптап,
Жер үстүн сызгырылта кууруп express кактап.
А бирок жалтылдаган акак мисал,
Мөлтүр суу эгиндерди жатат каптап.

Шимирет кызылчалар ошол сууну,
Дагы да өсүмдүктүн кирип мууну.
Баш оту менен кирип бардык ишке,
Мында күч жеңди түрүп, белди буунуу.

Тигинде суунун ээси урап жүрөт,
Сүйүнө ого бетер күлөт жүрөк.
Жайкалып сабактары эгиндердин,
Ансайын талаа бети болот чүрөк.

Биримкул, Айдар, Жүкөн, Чынар сулуу,
Тартышып кургак жерге ширин сууну
Кан куят өсүмдүктүн денесине,
Кетирбей колдон бекем өтмө тууну.

Кашык суу кур талаалап кетпей текке,
Күн санап кубанычты кийрет бетке.
Анткени, арбын түшүм алтын күздө,
Тонналап өткөрүлөт мамлекетке.

## КЕЛЕЧЕККЕ КАРАЙ

Ойгоно элек менин сезим-ойлорум,
Алп кара куш болуп учкун
Күндөн алып тамызгы.
Бул мага эмес, эл үчүн!
Ыргып түшсүн маңдайымдан тер үзүм.
Баратканда кечин эркин ак паялуу аңызды,

Ташта олтурган кулаалылар кийин болсун жол берип.
А мен болсом алдыма төп кол берип,
Дельфин болуп сызамын.
Энчиленген өзүмө өмүр үлүшүн,
Кучактап бек кысамын.

Көптөн бери кызча күтүп келаткан,
Жаш наристе кыялым!
Келечек деп токтобой,
Кечем турмуш кыянын.
Ошон үчүн
Жаз канатты,
Тос канатты
«Саякатчы бакадай»,
Мен жер кезип жөнөйүн.

## КОЛХОЗЧУНУН КЕТМЕНИ

Үйдөгү абамдын бар чоң кетмени,
Чыгарат чапкан сайын жердин майын.
Жумушка таң заарынан жөнөп кетет,
Жанына канат бүтүп баскан сайын.

Келип ал сугатынан күүгүм ченде,
Кетменинката кетет кампасына.
«Ал ага күрөк эле жетишет» — деп,
Жолотпойт уйдун чычкан жампасына.

Бул кетмен жерге батты канча жолу,
Канча ирет жаак тосуп сууну бууду.
Сунулду талаада ошол нанга колу,
Абакем сайып жанга кызыл тууну.

## МЕН ЭЧ НЕРСЕ ЖОГОТПОЙМ

Күчүм,
Каным,
Денем менин кимдики?
Өз туулган жеримдики гүлдөгөн.
Жаралганмын тамчысынан анын агып сызылып.
Карачы эми жигит болдум турчу кыздар кызыгып.
Ооба, өзүмдү ушинтип мен албадым,
Суусун ичип, жеп чоңойдум бал, нанын!
Бой түзөдүм эркимче,
Ичинде ойноп алманын.
Ошон үчүн,
Мен кайтарып берем жердин өзүнө,
Өзүнүн күч,
Өзүнүн кан, денесин.
Мен эч нерсе жоготпойм.

## КЕРИМБҮБҮ ШОПОКОВА

Жүздөрүн адамзаттын жайнаттырган,
О эже, жериң сенин канттан бүткөн.
Алптансың от жүрөгүң кайнап турган,
Мекениң өзүңдөйдү калктан күткөн.

Жүрөсүң тыным албай иш башында,
Ардактап ат башындай кызылчаны.
Өлкөңө кант көп берүү максатың да,
Өстүрүп мээ кайнаткан ысыкта аны.

Күз келет: элиң менен сен күлөсүң,
Кайтарып маңдай тердин акыбетин.
Күн болуп ордендерден күйөт төшүң,
Менин да кубанычтан ысып бетим.

## АПКЕЛ, БЕРИ

Апкел бери, кораблдей учайын,
Апкел бери, апогейлеп узайын.
Кең ааламдын деңизинен түбү жок,
Апкел бери, ой алмазын сузайын.

Апкел бери, ааламга атып чыгайын.
Апкел бери, баштын мээсин сыгайын.
Улуу жолдо баратканда токтобой,
Апкел бери, өзүмдү өзүм сынайын.

## СУРАНУУ

Ырларымды жазып жаткан кезимде,
О курбалым, сен конокко чакырба.
Уулантасың арак төгүп сезимге,
«Ат сыяктуу байлап мени акырга...»

Ырларымды жазып турган маалымда,
Каалгамды ача коюп жүрбөгүн.
Күйүп жаткан кезде денем жалынга,
Жалп өчүүдө шумүрөйөр гүлдөрүм.

Ырларымды жазып кирген чагымда,
Сүйүнчүңдү токтото тур азыраак.
Тартуулайын мен ыр жазып агымга,
Бир минут да кечикпестен батыраак.

## БУУРАКАНДОО

Бир жигит мени ызалап кетти жаман,
Жыгылбай аз-аз жерден калдым аман.
Оңолдум сендиректей түшүп барып,
Көзүмө астын-үстүн болуп заман.

Атасын өлтүрбөгөн элем анын,
Колдогу аныкы эмес жеген наным.
А анан ал «көркоого» эмне болду,
Көрсөтүп жапайыдай бетин калың.

Сөз менен болбой калды жооп бериш,
Ан үчүн жасоом керек тоодой көп иш.
Бир гана катыгын мен берем анын,
Элиме, мекениме төгүп жемиш.

## ЖҮРӨККӨ

Чыккының, чыккын өйдө, дагы өйдөлө,
Дебегин: «бул кайсы жер, бул кай дөбө».
Бийиктик, бийиктиктер керек абдан,
Көрүнүп бийиктиктен калсын төбө.

## БӨБӨККӨ

Ай жөнтөк, куюнданган куукай бала,
Карачы, канча ажайып буудай талаа.
Келечек келет бир күн жаркын жаздай,
Азыр сен тебе бергин зуулап чана.

Эй тентек, тынымы жок ойноок бала,
Ойчулдай баарын тегиз ойлоп кара.
Эл үчүн көккө атылып, көктөн үн сал,
Тим калбай бүгүнкүндөй ойноп гана.

## ЖОЛДО

Кетирбей мен турмуштан акымды алам,
Керектүү толгон байлык асылды алам.
Алыстан гүл буркурап, атыр чаччу,

Жаздагы тоо бетиндей жашылданам.
Күн сайын түйшүктөнүп чуркап жүрүп,
Ооба, мен түгөнбөгөн акылды алам.
Бул жолдо кантээр экем деген ойдо,
Жүрөгүм чыны менен апылдаган.

## ЖОК ИЗДЕЙМИН

Калды элесиң карегимдин ичинде,
Таттуу ой кетти сенин дагы ичиңде.
Жаш баладай жашылдантып көзүмдү,
Ар күн сайын жок издеймин кечинде.

## ИНВАЛИД

Шыбы бийик, төрт кишилүү палата,
Жатат төрдө аппак чачтуу жан ата.
Мултук колун булгалактайт кээ түнү,
Келген азыр жоону сүрүп таң ата.

«Ураа!» дейт ал түшүндө ураан чакырып,
Жоону карай бет алгандай качырып.
Кээ түндөрү бизди уйкудан чочутат,
Башын чулгуй «Огонь!» деп ал бакырып.

Анан башын кайра коюп жаздыкка
Бир тынымга мемирейт ал тынчтыкта.
Күн-түн дебей сазда, түздө бир жүргөн,
Анын ошол жан жолдошу мылтык да.

Биз сурайбыз бул жоокерден күндүзү
Саал-паал гана жылмайгансып карт жүзү.
Айтып берет согушта эмне болгонун,
Келе түшүп өзүнүн да күлкүсү.

— Бул айтылган тамаша эмес, балдарым,
Канча азамат кыйды гүлгүн жандарын.
Ошон үчүн денемдеги бул жараат
Козголгондо кызый түшөт кандарым!..

## КЫЗЫМ ЖАЗГҮЛ ТӨРӨЛГӨНДӨ

Кыздуу болдум — көркөм гүлүн тагынар,
Кыздуу болдум — ата, апасын сагынар.
Кызыгы мол келечекте буларга,
Нечен ашуу, бийиктиктер багынар.

Бакыт болсун ар бир үйдө ушундай,
Сонун тура бала үнү ушунча ай.
Жазгүлүмдү канатыма кондуруп,
Сызайын мен тоонун учкул кушундай.

Жазгүл өссүн жаш гүл болуп жадырап,
Кудум көктө сансыз жылдыз бадырак.
Улуу күндүн бир кирпичин коюуга,
Өлкөсү үчүн өссүн толуп батыраак.

Жазгүл чыйбыл, тыптырмактай кичине,
Нур жаады бейм биздин үйдүн ичине,
Болочогун эстеп алып бактылуу,
Батпай барат кубанычым ичиме.

## БУЛ ДҮЙНӨ

Бул дүйнө — кызык дүйнө, билсең досум,
Бул дүйнө — ысык дүйнө, билсең досум.
Сенден да бактылуу адам бар дейсиңби,
Турмуштун жыттуу коонун тилсең досум.

Бул дүйнө — улуу дүйнө туя алсаң,
Бул дүйнө — сулуу дүйнө муя алсаң.
Даанышман сенден ашкан бар дейсиңби,
Жакшы ойду жүрөгүңө куя алсаң.

Бул дүйнө — эмгекчил бир адамдыкы,
Бул дүйнө — таамай баскан кадамдыкы.
Күн сайын алга карай адымдаган,
Бул дүйнө — кызың менен балаңдыкы.

Бул дүйнө — лениндик ниеттики,
Бул дүйнө — коммунисттик тилектики.
Эл үчүн сууну буруп, жерди оодарган,
Бул дүйнө — тер агызган билектики.

Бул дүйнө — жыргаар дүйнө, билсең досум,
Бул дүйнө — ырдаар дүйнө, билсең досум.
Кашкайтып жакшылыкты, жамандыкты,
Бул дүйнө — ылгаар дүйнө, билсең досум.

Бул дүйнө — жалпы өмүрдүн атасы бейм,
Бул дүйнө — жакшы өмүрдүн апасы бейм.
А бирок, кандар аккан чет элдеги,
Ал ошол желдеттердин катасы бейм.

Ал желдет адам кейпин кийип алган,
Желесин жезкемпирдин ийип алган.
Чынында тынчтык туусун көкөлөткөн,
Миң ирет совет эли бийик андан.

Акыркы жакшылыктын жеңээри чын,
Улактай жамандыкты эңээри чын.
Кор кылбай биринчи элди экинчи элге,
Дүйнө элин бийиктикке теңээри чын.

Бул дүйнө мына ушундай билсең досум,
Ичине терең ойдун кирсең досум.
Жол бербей дүйнөнүн кырс желдетине,
Тынчтыктын коюнунда жүр сен досум.

## КОШТОШУУ

Кош курбулар, бирге ойноп каткырган,
Бир кыз калды мен ичимден жактырган.
Көргөн сайын бешенесин ал кыздын,
Жарк эттирип мен таңымды аттыргам.

Кош курбулар, үйгө кетип барамын,
Ич тызылдайт көрүп кыздын жамалын.
Эми эмне дейм, айтаар сөзүм бүттү го,
Турат менин бүт түгөнүп амалым.

Кош курбулар, коштошолу колуң бер,
Калып калды сонун учур, сонун жер.
Мен кыйылып, араң кетип барамын.
Жок дегенде жамынайын тонуң бер.

Кош курбулар, калды элесиң сүрөттө,
Эстей жүргүн жыл айланып, күн өтсө.
Наристедей жоодураша тиктешкен,
Миң ыракмат ушул таттуу мүнөткө.

Кечиргиле, жаман айтып жиберсем,
Калып калды унутулуп бир нерсем.
Тиктеп койду сырдуу терең күлүңдөп,
Мен бир кезек Кларааны имерсем.

Кош курбулар, саламатта болгула,
Бек кысышып коштошуучу кол мына.
Эми болсо ак булуттай удургуп,
Жөнөйүн мен ой-кыялды жол кыла.

Жок болсо да кош алмадай түгөйүм,
Ачык-айрым мен каткырып күлөйүн.
Бардыгың тең эсенчилик жүргүлө,
Алдыңарга мен тиземди бүгөйүн.

## УКЧУ, ЖАНЫМ

Укчу жаным, айта турган сөзүм бар,
Укчу жаным, жайнап берчү көзүм бар.
Сөзүм менен, көзүм менен бул ушул,
Так көтөрүп алчу сени өзүм бар.

Укчу жаным, сайрай турган тилим бар,
Туура эмеске каршы турар жиним бар.
Кастарлап бир сени күтүп аларга,
Аздыр-көптүр жетишерлик билим бар.

Укчу жаным, көөдөнүмдө булак бар,
Анда калыс — суунун ээси мурап бар.
Эки кылбай мага айтылган кебиңди,
Чыны өзүмдө сөзүңдү укчу кулак бар.

Укчу жаным,менде ак куу, чүрөк бар.
Укчу жаным, менде өлбөстүк мүрөк бар.
Жаркылдатып турчу дайым өзүңдү,
Бир сен үчүн менде чынчыл жүрөк бар.

Укчу жаным, жайнап берчү көзүм бар.
Укчу жаным, айта турган сөзүм бар,
Сөзүм менен, көзүм менен бул ушул,
Так көтөрүп алчу сени өзүм бар.

## КАЙРАН КИШИ

Бир өмүр, бир күн өчтү, бир гүл өлдү,
Ал эле бул турмуштун бир кооз көркү.

Дүйнөнүн бир жери кем ушул эмей,—
Кечээ ал ойноп жүргөн, аттиң көрчү!

Жок болду тынбай акчу бир дарыя,
Жок болду насаат айтчу бир карыя.
Жашоосун бүт токтотуп, түбөлүккө,
Жок болду өлкөм жазган бир ария.

Ал эле кеӊ көөдөнү сайрап турган,
Ал эле кызыл гүлдөй жайнап турган.
Бышырып дарбыз-коонду, жемиштерди,
Ал эле күн сыяктуу кайнап турган.

Бирок ал түбөлүккө өчтү-өчтү,
Удургуп ак булуттай алыс көчтү.
Ал эми келбейт кайра мында экинчи,
Күн жана ай-жылдыздуу көрбөйт көктү.

Андыктан жете алдыңбы кадырына,
Чыктыңбы анын гүлдүү «адырына».
Кирине алдың бекен жыргап-куунап,
Ал анын жыт аңкыткан «атырына».

Жашоодон өтүп кетти кайран киши,
Көрүнбөс эми экинчи айран тиши.
Сүйлөп ал, саймедиреп олтурганда,
Сөзүнөн курчтук кылбай канжар мизи.

Ал эле көрөңгөлүү жүрөгү бар,
Ал эле көктөгү айдай чүрөгү бар.
Дүйнөдөн кетти-кетти, не кылабыз,
А бирок анын бизде өрнөгү бар.

## ОЛТУРАМЫН ОЙ СУРАП

Тең шилтенип, тең кагылган канаттай,
Менин да оюм так ошентип барат жай.

Олтурамын а мен болсом ой сурап,
Улам жаңы китеп бетин барактай.

Бул китепке Маркс дагы кадалган,
Бул китепке Ленин да кана алган.
Анын айдың талаасынын ичинде,
Мен бир кептер чыр-чур этип камалган.

Бирок, менин кенчи ошол оюмдун,
Дүр силкинтер күч-кубаты боюмдун.
Ал жок кезде пенде болом кадимки,
Алдында мен калып дабыр союлдун.

Китеп барда кедей, жалгыз эмесмин,
Аны менен келет күндө кеңешким.
Чыгып барам өргө улам таянып,
Төбөсүнө бийик аскар белестин.

## «АЛТЫН-БУЛАК» ДАЧАСЫНДА

Чиркин ай, бул не деген алтын дүйнө,
Чиркин ай, бул не деген жаркын дүйнө.
Ал аны алда кайдан көргөн чакта,
Кудундап жаш баладай кетем сүйүнө.

Ушул бейм дүйнөнүн бир сулуу жайы.
Ушул бейм дүйнөнүн бир улуу жайы.
Чыркылдайт чымчыктары түрдүү үндө,
Тимеле айланаң бүт килем-шайы.

Шаркырайт туш-тушунан суулар ырдап,
Көк-жашыл өсүмдүктөр боюн ыргап.
Кадимки ташта олтурган Тариэлдей,
Биз дагы ойго чумуп, ойго жыргап.

Булактын көк бриллиант тамчылары,
Жүрөккө, айланайын, канча дары.
Ансайын жаш баладай сонурката,
Угулат суунун тентек өктөм шары.

Жемиш бак аппак болуп гүлдөп алган,
Ал жерге булбул, күкүк үндөп алган.
Эркинче бытпылдыктайт бөдөнөлөр,
Тандан кеч жашоосуна кылбай арман.

Ээлери «Алтын-Булак» дачасынын,
Эркелей ошол жерге ачат сырын.
Кыйылбай бир бутагы дарактардын,
Шуулдап асман мелжип күзөйт кылым.

Өлбөйт да бир жандыгы, бир чымчыгы.
Сары алтын — топурактын бир чымчымы.
Ал эми ажайып кооз дүйнөдө бул,
Бөдөнө болуп учмак колдо ыр чыны.

Чиркин ай, бул не деген алтын дүйнө,
Чиркин ай, бул не деген жаркын дүйнө,
Ал аны алда кайдан көргөн чакта,
Кудундап жаш баладай кетем сүйүнө.

## АЧЫЛ МЕНИН

Ачыл менин бара жаткан жолдорум,
Ачыл менин жоомарттыккка колдорум.
Дагы терең үңүлөйүн түн күзөп,
Ачыл дагын ленининдик томдорум.

Ачыл менин таттуу, ширин сырларым,
Ачыл менин лирикалуу ырларым.
Асабалуу кызыл туудай желбиреп,
Ачыл менин басып өтчү кырларым.

Ачыл менин ачыла элек гүлдөрүм,
Атыл сыртка бүртүктөнүп бүрлөрүм.
Ай-ааламга жаңырыктап жөнөсүн,
Ачык-айрым таалай шилеп күлгөнүм.

Басыл менин басыла элек буттарым,
Түшкүн менин түшө элек куттарым.
Жаркылдаган жандай көргөн досуңдун,
Алып ыргыт жүрөгүндө курттарын.

Ачыл менин асык жүрөк капкагым,
Ачыл менин акыл зирек аппагым.
Бул өйүздөн тиги өйүзгө аттаарда,
Жоголуп бүт кетсин бутта аксагым.

Жазыл менин жазыла элек дастаным,
Аттап өтсүн босогосун басманын.
Кантсең дагы жалгандыктын ал ошол,
Жерге житир жез тумшуктуу мастанын.

Ачыл менин айлуу, күндүү асманым,
Ачыл менин бийик зоока, аскарым.
Көпкө узабай көпчүлүктөн кагуу жеп,
Көргө кирсин көрө албаган кастарым.

Ачыл менин бара жаткан жолдорум,
Ачыл менин жоомарттыкка колдорум.
Дагы терең үңүлбөйүн түн күзөп,
Ачыл дагын лениндик томдорум.

## ЭНЕ

Жылдыздай бүл-бүл этип
Жыбырайт бала кезим.
Дагы да курчуй түшүп,

Бул күнкү акыл-сезим.
Тартылат бирге ага,
Караапың, энем сенин!
Энем сенин!

О эне, жок экен тең,
Ойлосом эч бир сага.
Аймактуу арымы кең,
Бул ушул асыл жайда.
Эмейин бек кадалып
Мамамды берчи, апа!
Берчи, апа!

Мүлдө аалам кура алгыс,
Сен жашоо гигантысың.
Эч качан өчүрө алгыс,
Түбөлүк атар таңсың.
Ушинтип күйүп турган
О эне, кандай жансың!
Кандай жансың!

Айтууга сөзүм жетпес,
Чексиз зор кызматыңа.
Ал турмак ой тең келбес,
Океан, асман, ай да.
Сороюн бек кадалып
Мамамды берчи, апа!
Берчи, апа!

## ОЙ ТОКТОТУП

Кыбырап мактанбагын күн өткөнгө,
Куя албай тең шаркырап бир өстөнгө.
Өзүнүн түз багытын таппай калган,
Чынында тете болор бу көпкөнгө.

Эсирбе бир тойгон чоң тамагыңа,
Төш какпа оор тарткан салмагыңа.
Күдүңдөп андан көрө мактангын сен,
Бүтүрүп бир чоң ишти алганыңа.

Жалгыз сен жыргаганга кубанбагын,
Жарышка салгын күчтүн кунандарын.
Эмгектин кенен талаа айдыңына,
Кире бер атырылып улам дагын.

Бул сенин өмүрдөгү ыйык ишиң,
Элиңе толкуп турсун жылып ичиң.
Жер казып керек кезде төбөң менен,
Өтүп кет мекениңдин кылып ишин.

## ЖАШ КЕЗДЕ

Кыз дегенде кызыгып,
Биз да экилдеп чуркаганбыз кезинде.
Ай кылтыйып чыга келген кечинде.
Бак түбүндө топ чымчыктай кужулдап,
Ботого окшоп букулдап,
Шыбыраштык тымызын.
Эх, ошол күн,
Жыргал тура жыргаткан
Келип калган үйлөнүү кез чукулдап.

Сөз түгөнбөй деги эле,
Суттөй аппак айлуу түндүн койнунда.
Махабаттын каамыты уюп мойнумда.
Мен алардай ташкындадым, чалкыдым.
Буула түшүп алкымым.
Өскөн чөпкө таңданып.
Төх, ошол чак

Кызык тура ушунча,
Ободогу мен куш болуп калкыдым.

## АЯЛ ЗАТЫ

Дайыма терең сырды катып ичке,
Аялдар чебер келет бардык ишке.
Дагы улам жалындатып ушул мени,
Аргасыз алып жөнөйт тартып ишке.

Аялдар сүйбөйт бекер олтурууну,
Жаңы ишти жакшы көрөт болтурууну.
«Бирден бир улуу адамдык милдетим» дейт,
Турмуштун кемтик жерин толтурууну.

## БАКЫТ

Ойлорум топ чымчыктай дүр дей түшүп,
Чайпалган бак башына барып конот.
Жыттары кызыл гүлдүн бур дей түшүп,
Бүт бойдон мени болсо калат ороп.

Чиркиниң, эң бактылуу турбаймынбы,
Күн жутуп, күнгө карап сулууланган.
Эркимче кечип келем гүлдүү айдыңды,
Мен үчүн өлкөм болсо жылууланган.

## КЫШКЫ ЭМГЕК

— О Күлүйпа, айрыңды ал. Тартынба,
Түшүм берчү мунуң бир чылк алтын да.
Демиң сенин кыш ызгаарын жандырсын,
Андан кийин гана бизге жаркылда.

— Бузчу болсоң, «буз карынды», Борбугум,
Кана, Айжан, карап турбай бол, мурун.
Машина да күтүп калды зарыгып,
Толтуруп суз, кипкичине, ой мунуң?

— Атаа көрү-ү, жүрүп кетти салганча,
— Ал жүрдүбү, дагы унаа бар мында.
Деги Кудаш, бул сакалды кантебиз,
Калбас болду ушул ишиң карганча.

— Ха-ха-ха! Буздук чилде «карынын»,
Бүтүрөбүз кечке дейре жарымын.
Карымын деп мен да турган жерим жок,
Баракелде, кыймылыңа баарыңын!

## ТООГО ЧЫКСАМ

Тоого чыксам тоодой бийик сыр табам,
Канат сөзсүз мына ушунда бир табам.
Сырдаш жүргөн жолдоштордун ичинде,
Көтөрүлмөк менин көккө мартабам.

Тоого чыгып, тоодон түзгө карасам,
Оойт менин ойду тарткан таразам.
Жан биргелеш топ жолдоштун ичинде,
Токтоно албай толкуп кетип баратам.

Тоо да жашыл, талаа жашыл, жапжашыл,
Таап берет ушул жактар сырды асыл.
Кылым бойлоп тилеги үчүн элиңдин,
Кыпкызыл гүл болуп жайнап кырда ачыл.

Тоого чыксам сырлар көчтөй чубалат,
Ойлор мени жондон ылдый кубалап.
Мен да аларды сүйүп калган кыз кылып,
Таштайм бекем түбөлүккө дубалап.

## ЫРДАП БЕРЧИ

Ырдачы дос, кулагымды төшөйүн,
Турат менин уккум келип ушунча.
Улуу өмүрдө тирүүлүгүм билдирип,
Зыпылдайын тоонун учкул кушунча.

Ырдап берчи миң кубултуп ырынды,
Көңүлдөгү ташып аксын толкунум.
Түбөлүккө кетпес болуп олтурам,
Уя жасап мен жеримдин колтугун.

Ырдай түшчү, дагы бир аз, азыраак,
Бойду эритип көшүлөйүп мемиреп.
Тентайлашып жарышайын алдыга,
Мен достордон түшүп калбай кемирээк.

## БЕШ ЖЫЛДЫКТА

Каркырадай кыркаар тартып,
Беш жылдыктын күндөрү.
Сулуу жаздай күлүп келет,
Кудум бала күлгөнү.

Салаалардан алтын чууруйт,
Дыйкан абам каткырат.
Ого бетер байлык тоосун,
Бул жер эне жактырат.

Бешенени жайнаттырат,
Беш жылдыктын жамалы
Токтоно албай толкуп аяган,
Токтораалы, Жанаалы.

## КҮН ЭКӨӨБҮЗ

Арийне, күн меники, мен күндүкү,
Мейкинде бара жаткан колтукташып.
Деңиздей күр-шар этип дайым эле,
Турабыз биз өкөөбүз толкуп-ташып.

## МУРАП

Мурап барат атын тездеп бастырып,
Ат туягы таштар менен ташты уруп.
Катыңкы ошол чокчо сакал адамга,
Алтын буудай жүгүнүшөт башты уруп.

Суу жорголойт, ат жорголойт — кош сызык,
Салам берет алды жактан көп кызык.
Чуркап барып суу өпкөндө талаанын,
Эки бети от күйгөндөй кетти ысып.

Күлөт пахта, кызылча да, буурчак да,
Жүгөрү андан ширин сууну ууртап да,
Ого бетер экиленип кашка суу,
Жаа огундай атып чыгат кургакка.

Качкан өңдүү тартып алып улакты,
Ошол сууну илип кетет сугатчы,
Мурап аны көрүп алып жылмаят,
«О сугатчым, бүт жүрөктү кубантчы».

Ушул мурап — чабаганы талаанын,
Ушул мурап — ээси таттуу санаанын.
Бүт өсүмдүк бек каткырып жиберет,
Көргөн кезде асыл мурап караанын.

Мурап ойлойт күздө келчү түшүмдү,
«Буудай, пахта, кызылча, өрүк, жүзүмдү.
Өстүрөмүн ушул гүлдүү талаама,
Төгүп берип толгон-токой күчүмдү».

Мурап кайда? Тээ, күдүрдө, талаада,
Мурап кайда? Таттуу кыял, санаада.
Сөз сүйлөтүп, ыр ырдатып, бийлеткен,
Мурап болсо ошол жакта тамаада.

## МАХАББАТ

Сен берилип сүйүп калдың,
Болсоң дагы менден кичүү жайырма жаш.
О, сүйүктүү, татынакай карындаш!
Эмне деймин?
Менде сөз жок,
Алдап сага нени айтам.
Сүйүүдө көз жок белем,
Көрбөй көрөр нерсени.
Ооба, сүйдүң,
Сүйүп калдың сен мени
Таттуу уйкуңдан ойгонуп.
А мен болсом ойлонуп
Сүйүү эмес
Карайм турмуш сүйүүсүн,
Элим мени сүйүү үчүн.

А сен азыр,
Жаңы ачып гүлүңдү
Бүркүрайсың жыт аңкып.
Бир укмуштай мас кыла.
Табың менен кыш күнүмдү жаз кыла.
Ах, гүлүңдү,

Сүйүүдөгү гүлүндү.
Өз теңтушуң сорор ээ!
Үшүтпөстөн жылуу-жумшак,
Кең көкүрөк көөдөн менен орор ээ!

## ИШТЕЙ БЕРЕМ ЖАШСЫНБАЙ

Бүлк эттирип эринин,
Балам сорот упчуну.
Дүйнөгө алгач түйүлүп.
Ачып карайт жылтыратып көздөрүн,
Алда эмнеге сүйүнүп.
Анан ал бир каз турат,
Айланага атыр чачкан жаз курап.
Элжиретип жүрөктү.

Мен да ошондой,
Соруп турмуш «упчусун»
Серепчилейм бүлкүлдөтүп «оозумду»,
Жоготпоско улуу адамдык сезимди
Калдаямын тоо сыңар,
Балама окшоп каз туруп.
Койбос үчүн жаштык чакты ташка уруп.
Октоорулам ташкындай,
Калмайынча өз колумдан таш сынбай,
Иштей берем жашсынбай.

## МАЗМУНУ

Компартия . . . . . . . . . 3
Баш макала . . . . . . . . . 3
Сен болбосоң . . . . . . . . . 4
Жеңиш күнгө . . . . . . . . . 5
Көтөр бийик . . . . . . . . . 5
Жашоо кумары . . . . . . . . . 5
Карап турам . . . . . . . . . 5
Баатыр дыйкан . . . . . . . . . 6
Май айы . . . . . . . . . 6
Фрунзе шаарым . . . . . . . . 7
Сугатчы . . . . . . . . . 8
Айыл таңы . . . . . . . . . 9
Өмүр сыйы . . . . . . . . . 10
Биринчи мугалимим Шааке агайга . . . 11
Поезд жана солдат . . . . . . . . 11
Колхоз талаасы . . . . . . . . . 12
Жаштыгым . . . . . . . . 12
Жоокер . . . . . . . . . 13
Кыш таңында . . . . . . . . . 14
Көл элестери . . . . . . . . . 14
Бакыт күндө . . . . . . . . . 16
Кызылчачы . . . . . . . . . 17
Сырдаш адам . . . . . . . . . 17
Сүйгөн жарга . . . . . . . . . 18
Жер сагынычы . . . . . . . . . 19
Сүрөтүңө . . . . . . . . . 20

20
Мекен карызы . . . . . . . . . . . . 20
Кыш түнүндө тоодогу . . . . . . . . . 21
Айыл оттору . . . . . . . . . . . . 21
Бул сенин... . . . . . . . . . . . . 22
Адам бактысы . . . . . . . . . . . . 22
Бакыт үчүрү . . . . . . . . . . . . 23
Жүргүн тоого . . . . . . . . . . . . 24
Сүйүү . . . . . . . . . . . . . . . 24
Өтүнүч . . . . . . . . . . . . . . 25
Мугалим . . . . . . . . . . . . . . 25
Тоом менин . . . . . . . . . . . . 26
Жайкы түйшүк . . . . . . . . . . . 26
Келечекке карай . . . . . . . . . . 27
Колхозунун кетмени . . . . . . . . . 28
Мен эч нерсе жоготпойм . . . . . . . 28
Керимбүбү Шопоковага . . . . . . . . 28
Апкел бери . . . . . . . . . . . . 29
Сурануу . . . . . . . . . . . . . . 29
Бууракандоо . . . . . . . . . . . . 30
Жүрөккө . . . . . . . . . . . . . . 30
Бөбөккө . . . . . . . . . . . . . . 30
Жолдо . . . . . . . . . . . . . . . 31
Жок издеймин . . . . . . . . . . . 31
Инвалид . . . . . . . . . . . . . . 32
Кызым Жазгүл төрөлгөндө . . . . . . 32
Бул дүйнө . . . . . . . . . . . . . 34
Коштошуу . . . . . . . . . . . . . 35
Укчу, жаным . . . . . . . . . . . . 35
Кайран киши . . . . . . . . . . . . 36
Олтурамын, ой сурап . . . . . . . . 37
Алтын-Булак дачасында . . . . . . . 38
Ачыл менин . . . . . . . . . . . . 39
Эне . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Ой токтотуп . . . . . . . . . . . . 42
Жаш кезде . . . . . . . . . . . . . 42
Аял заты . . . . . . . . . . . . . 49

Бакыт . . . . . . . . . . 42
Кышкы эмгек . . . . . . . . . 42
Тоого чыксам . . . . . . . . . 43
Ырдап берчи . . . . . . . . . 44
Беш жылдыкта . . . . . . . . 44
Күн экөөбүз . . . . . . . . . 45
Мурап . . . . . . . . . . 45
Махаббат . . . . . . . . . 46
Иштей берем жашсынбай . . . . . . 47

Абылгазым Абакиров

# ЗОРИ АИЛА

стихи

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»
Рецензиялаган И. Гилязетдинов
Редактору Т. Болчуров
Көркөм редактору К. Сейталиев
Сүрөтчүсү Э. Шаршенов
Тех. редактору Ж. Cооронкулова
Корректору С. Аматбекова

ИБ № 2619

Терүүгө 6. 09. 1983 ж. берилди. Басууга 12. 01. 84 ж. кол коюлду. Д — 00003. Басмаканалык № 3 кагаз. Адабий ариби, жөнөкөй жаңы арип, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $70 \times 90^1/_{32}$. 1,625 физ. басма табак. 1,901 шарттуу басма табак, 1,890 учеттук табак, 2,047 боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 1924. Баасы 20 т.

«Кыргызстан» басмасы
720737, ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП. Фрунзе шаары, Мукаш Абдраев көчөсү, 72

**Абакиров Абылгазым**

**А 13** Айыл таңы: Ырлар.— Ф.: Кыргызстан, 1984.— 52 бет.

Абылгазым Абакиров балдар үчүн жазылган бир нече китептин автору. Колуңуздардагы экинчи ырлар жыйнагына анын кийинки кездерде жазылган ар кыл ырлары кирди.

А $\frac{4702280200—41}{М 451(17)—84}$ 174—84 С(Кирг)2
ББК 84 Ки7